***Байгазиев Советбек Орозканович***
***филология илимдеринин доктору, профессор***
***Кыргыз билим берүү академиясы***

## БҮГҮНКҮ МУУНДАРДЫН СОЦИАЛДАШУУСУНДАГЫ КЭЭ БИР ТЕНДЕНЦИЯЛАР ЖАНА ПРОБЛЕМАЛАР

***Байгазиев Советбек Орозканович***
***доктор филологических наук, профессор***
***Кыргызская академия образования***

## НЕКОТОРЫЕ ТЕНДЕНЦИИ И ПРОБЛЕМЫ В СОЦИАЛИЗАЦИИ ПОДРАСТАЮЩЕГО ПОКОЛЕНИЯ

***Baigaziev Sovetbek Orozkanovich***
***doctor of philological sciences, professor***
***Kyrgyz Academy of Education***

## SOME TRENDS AND PROBLEMS IN THE SOCIALIZATION OF THE GENERATING GENERATION

***Аннотация:*** *«Бүгүнкү муундардын социалдашуусундагы кээ бир тенденциялар жана проблемалар» аттуу макалада азыркы учурдагы мектеп окуучуларынын социалдашуусундагы тенденциялар жана көйгөйлүү проблемалар турмуштук-социологиялык фактылардын негизинде талдоого алынат.*

***Аннотация:*** *В статье под названием «Некоторые тенденции и проблемы в социализации подрастающего поколения», на основе данных социологических исследований и реальной жизни анализируется тенденции, состояние и проблемы воспитания учащиеся молодежи Кыргызстана.*

***Annotation:*** *In the article titled «Some trends and problems in the socialization of the younger generation», on the basis of the data of sociological research and real life, the trends, the state and problems of education of students of the youth of Kyrgyzstan are analyzed.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *тарбия, пайдакечтик, технократия, коммерциялык мамиле, массалык маданият, кинофильм, маданий динамика, этникалык баалуулуктар, мекенчилдик, тарбия стратегиясы ж.б.*

***Ключевые слова:*** *воспитание, прагматизм, технократизм, коммерческий подход, массовая культура, фильмы-ужасы, культурная динамика, этнические ценности, патриотизм, воспитательная стратегия и др.*

***Key words:*** *education, pragmatism, technocratism, commercial approach, mass culture, horror films, cultural dynamics, ethnic values, patriotism, educational strategy, etc.*

Изилдөөлөр бүгүнкү окуучу өспүрүмдөрдүн кечөөкү ата-бабаларындай өз өлкөсү жөнүндө эмес, көбүнчө өз керт башынын маселелери жөнүндө ойлонуп, турмушка коммерциялык, прагматикалык мамиле тарабына, материалдык кызыкчылык жагына ооп баратышкандыгын ачыкка чыгарууда. Социологиялык изилдөөлөрдүн далилдеринен мисал келтирели. Маселен, балдар бүгүн моминтип ойлонушат:

*«Мен шаардын сыртында дем ала турган үйлүү болууну каалар элем.*

*Мен үч кабаттуу жеке үйлүү болууну каалар элем.*

*Мен миллион акчалуу болууну каалайм.*

*Мен BMW машиналуу болууну каалайм.*

*Мен төрт кабаттуу үйлүү болууну жана дүйнөдөгү эң бай адам болууну каалайм.*

*Мен бизнесмен болууну каалайт элем, себеби мен жакшы жашоо, «крутой» болуу жана шаарда, өлкөдө «авторитет» болуу үчүн көп акча табууну каалайт элем.»* (Караңыз: Кыргызстандын окуучуларынын үмүттөрү жана кооптонуулары. – «Кутбилим», 13.12.2013). Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, азыркы балдардын арасында маданий-руханий, адептик-ыймандык, атуулдук-патриоттук багытта ой жүгүрткөндөр негедир аз. Ырас, бирин-экин окуучу «Мен эски кыргыздын ырларын кайрадан жаратууну каалайм», «Мен президент болуп, өлкөмдү бай өлкө кылгым келет» – дешип жооп беришкен. Балдардын тилеги жакшы, бирок өспүрүмдөрдүн анкеталык жооптору негизинен «акча», «пайда», «бийлик-байлык», «жеке атак-даңк» сыяктуу түшүнүктөрдүн тегерегинде айланчыктап турат. Балдардын дүйнөсүндөгү мындай тенденция адеп-ыйман, руханият тарбиясынын кызыкчылыгынан караганда, кооптонууну жаратпай койбойт.

Бул жагдайдан улам, кененирээк ой чуркатып көрөлүчү. Бүгүнкү дүйнөдө рынок, соода-сатык системасынын үстөмдүгүнүн шартында эл, мекен, журт кызыкчылыгы деген чоң түшүнүктөр урматталбай, ыйман, уят, абийир аттуу ыйык нерселер тебеленип, материалдык байлыктын культу өсүп, үлүлчөсүнөн «кабыгынын» ичине кирип кеткен өзүмчүл, индивидуалист жандар көбөйүп, акчага, алтынга, көрдүнүйөгө жүгүнүү күчөөдө. Америкалык илимпоз Кольберг *«Турмушка өзүмчүлдүк, пайдакечтик, жалаң бухгалтердик, коммерциялык, технократиялык мамиле Европа менен Америкада өзүнчө бир улуттук ооруга айлангандыгын»* тынчсызданып жазат. Цивилизациянын мындай терс илдеттеринин белгилери биздин Кыргызстанда да пайда болду.

Ырасында эле, бүгүн дүйнөлүк постиндустриалдык өлкөлөрдө баягы илгеркидей эмоцияга, агыл-төгүл ак жаркын сезимдерге, мээримге жана сүйүүгө негизделген адамгерчиликтүү, гумандуу айкөл адеп-ахлактын берекеси кеттиби? Освальд Шпенглер бир кезде «Закат Европы» деп, батыш маданиятынын кризиси жөнүндө бекеринен китеп жазбаган белем. Андай болсо, Кыргызстандын жаш муундары жанагы Кольберг какшап айтып жаткан, Европа бүгүн тушугуп турган *коммерциялык-прагматикалык технократиялык-индивидуалисттик* деп аталган социалдык көйгөйлөрдү кайталоочу жазмышты карай бет алып турабы? Тоолук муундарга ушундай перспектива керекпи? Эгерде коколой баштын кызыкчылыгын туу туткан, турмушка пайдакечтик, жалаң бухгалтердик, коммерциялык мамиле мындан ары карай күч алып жүрүп отурса, анда бара-бара кыргыз баласынын ичинде караандай кургак рационализм гана калып, акыры жан дүйнө куу чегедектей «куурап, адамдан адам жоголуп, рухий маданиятыбыздын түркүктөрү урап түшүшү мүмкүн. Техникалашкан, рационалдашкан, коммерциялашкан батыштын тажрыйбасы бизге улуттун, муундун руханий, адептик-ыймандык саламатчылыгы жөнүндө эмитен олуттуу ойлонууну, экономикалык, материалдык-техникалык пайдубалды түптөп жатып, рухани-моралдык пайдубалды да кошо түптөөнүн: бул эки башталманын тизгинин таалим-тарбияда ажыратпай бирдей алып жүрүүнүн зарылдыгын каңкуулап айтып турбайбы.

Ушуга удаа бир нерсени айта кетели. XX кылымдын аягында Япониянын окумуштуулары 40-50 жылдан кийин Япония мамлекетине япон жаштары тарабынан коркунуч

туулат деп өкмөткө маалымат беришиптир. Анткени изилдөөлөр соңку муундардын самурай рухунан улам алыстап, акчаны, ойнопкүлүүнү, жыргалды, саякатты, жеке кызыкчылыкты алдыңкы планга коё баштагандыгын көрсөткөн. Окумуштуулардын билдирүүлөрүнөн кийин Япон өкмөтү жаштарды патриоттук духта тарбиялоону күчөтүү жөнүндө атайын токтом кабыл алган. Руханий баалуулуктар ориентациясынан ажыраган, маданияттан оолактаган, пайда чыккан жердин кулу, күн тийген жердин күкүгү болгон дүнүйөкор, эгоист жаштар Кыргызстандын да болочогу үчүн кооптуу. Кыргыз мамлекети жаш муундарын өзү көздөгөн идеалдардын жана принциптердин нугунда тарбиялоого эртерээк кам көрүп, өзүнүн социалдык процесстерди жөнгө салуучу, көзөмөлдөөчү функциясын так орундоого тийиш.

Дагы бир санаага салган тенденция жөнүндө кеп кылалы. Жаштарыбызда өздөрүнүн тагдырын бир тууган мекени, ата журту менен бекем байланышта карабаган тенденция өсүп бара жатат. 2011-2012-жылдарда Кыргызстандын бардык жети областында социологиялык изилдөөгө тартылган 1410 жаш адамдын баалуулук ориентациясында «мекенчилдик» акыркы орундардын бирин ээлеген (8,3%). Жаштар өз өлкөсүнүн рухий мурастарын үйрөнүү жагынан да пассивдүүлүктөрүн көрсөтүшүүдө. Ошол эле социологиялык изилдөө жаштардын, мисалы «Манас» эпосун айрым үзүндүлөр түрүндө гана үсүл-кесил билерлигин аныктаган (Романов Б., Исаев К., Сыргабаев С. Кыргызстан жаштарынын социалдык бейнеси – Бишкек, 2012, 47-бет).

Борбор шаардын мектептеринде жана алыскы айылдарда жүргүзүлгөн социологиялык сурамжылоолор бүгүнкү балдардын бир даарынын мектепти бүткөндөн кийин Россияга, Астанага жана батыштагы бай өлкөлөргө кетүүнү каалашкандыгын маалымдап отурат. Айтмакчы, кыздарыбыз ата журтун таштап, массалык түрдө чет өлкөлөргө турмушка чыгып кетип жатышат. Караңыздарчы, улуттук статистикалык комитеттин маалыматында 2011-жылдын ичинде эле кыргызстандык 911 кыз чет өлкөлүктөргө турмушка чыккан. Анын ичинен АКШга 35, Германияга 13, Түркияга 66, Казакстанга 53, Россияга 355, Өзбекстанга 53, Тажикстанга 31, Кытайга 19, Түштүк Кореяга 151, Түндүк Кореяга 43 бийкеч күйөөгө чыккан. Бул расмий катталганы гана. А катталбаганы канча. Баса, чет өлкөлөрдүн граждандыгын алып, миңдеген уландар өз мекенинен оолак жашоодо. Кыргыз жаштарынын бөтөн мамлекеттерге массалык түрдө кетүүсү уланууда. Мындай болуп отурса, кыргыз улуту көбөймөк турсун, мындан ары күзүндөгү тартылган суудай сан жагынан улам азая бериши мүмкүн. Улуттук генофондубуз, демографиялык келечегибиз кандай болот? Бул иште чет өлкөлүк мафиянын, миссионерлердин, бейөкмөт уюмдардын, ар кандай долбоорлордун жана компаниялардын үгүт-насыят, тарбия аракеттеринин үлүшү да чоң. Нью-Йорктон окуп келген Асел Стамова минтип жазат: «Европада жана АКШда жашаган көптөгөн жаштардын өз мекенине кайтып келүүнү каалашпагандыгынын себеби – өлкөдөгү абалдын туруксуздугу, эртеңкиге болгон ишенбөөчүлүк, башкача айтканда сен бүгүн Кыргызстанга келсең, эртең иштеген кызматың, жетишээрлик маянаң, өлкөдөгү абал тынч болору чоң бүдөмүктү пайда кылат» («Кутбилим» газетасы, 2-февраль, 2015-жыл).

Караңыздарчы, жогорудагы жаштар өлкөнүн эртеңи ишеничсиз, абалы туруксуз, маяна аз дешет. Өз ата мекени кыйын-кезенде кыйналып жатканда ага чоочун, жат адамдай кайдыгер карашып, бөлөк өлкөдө проблемасыз өмүр өткөрүп, Кыргызстан бутуна туруп, турмуш оңолгондо гана Ала-Тоого жыргаганы келгилери бар. А чынында, биздин ар бирибиз ата журтубуз каржалап турганда ага

жардамга келип, мекенибиздин эртеңки күнүн ишенимдүү, абалын туруктуу кылыш үчүн атуул катары күн-түндөп күрөшүүгө тийиш эмеспизби. Мекен деген бизбиз – сен, мен, ал. Акын айткандай, сен күйбөсөң, мен күйбөсөм, ал күйбөсө, анда караңгы түндү ким жарык кылат?

Культурологияда «маданияттын динамикасы» деген түшүнүк бар. Бул түшүнүк оң мааниде да, сол мааниде да колдонулат. Сол маанидеги динамика дегенибиз, эгер мамлекет өзүнүн салттык улуттук маданиятын сактоого, коргоого, өнүктүрүүгө, анын келечекке трансформацияланышына системалуу түрдө кам көрбөсө, көңүлкош болсо, анда этномаданият үстөмчүл тышкы таасирлердин баскынында калып, түбүнөн урап бузулууга, деградацияга учурап кыйроого, бара, бара өлүп жок болууга дуушар болушу мүмкүн. Бир сөз менен айтканда, жогоруда келтирилген фактылардан мындай «маданий динамиканын» алгачкы өкүмдөрүн байкабай коюу мүмкүн эмес. Биздин кыргыздын моралы илгертен бери карай ар качан өзүнүн коллективисттик мүнөзү, корпоративдүүлүгү, жамаатчылдыгы, мекенчилдиги, патриотизми, граждандуулугу, ата журт алдындагы атуулдук парзды ыйык саноо, эл-журттун бактысы үчүн башты канжыгага байлоо («калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин» - Манас) сыяктуу улуу касиеттер менен айырмаланып келген. Дал ушундай рухий маданият ак калпак кыргызды далайлаган катаклизмдерден сактаган жана мындай моралга бүгүн да эгемендүү мамлекетибиз айрыкча муктаж. Элдик моралдык маданияттын ушундай базалык дөөлөттөрүнүн урпактардын жан дүйнөсүнө трансформацияланышына жетишүү, улуттук рухтун бул өңдүү архетиптеринин тарбия институту аркылуу муундардын көкүрөк-көөдөнүндө «жүрөк» болуп согуп турушун камсыз кылуу бүгүнкү кыргыз мамлекетинин стратегиялык милдети болуп саналат. Бул багыттагы келечиктирилгис иш-чаралар – мамлекеттүүлүгүбүздү, патриоттук маданиятыбызды бүлүнүү «динамикасынан» сактоонун айла-амалы болмок. Бүгүнкү Түркиянын мамлекеттик окуу-тарбия документине карайлычы. Окуйлу: *«Максат – түрк коомчулугунун бардык мүчөлөрүн Ататүрктүн принциптерине, Ататүрк патриоттуулугуна ылайык түрк улутунун улуттук, нравалык, инсандык, руханий жана маданий баалуулуктарын кабыл алган, сактаган жана өнүктүргөн, мекенин, улутун сүйгөн мекендештер катары калыптандыруу».* Биздин Кыргызстандын документтеринде мындай улутмандык максаттар, тарбиячыларга маяк боло тургандай мүдөөлөр ачык-айкын жазылбай келет. Тескерисинче, алардан космополиттик сүйлөмдөрдү көбүрөөк окуйбуз.

Ар нерсенин эки жагы болот, жарык менен көлөкө катар жүрөт дегендей, биздин оорубузду колдон, жеңилибизди жерден алып жатат деген техникалык цивилизациянын терс жактары да айкын болууда.

Чет өлкөлөрдө жүргүзүлгөн социологиялык-психологиялык изилдөөлөр зордук-зомбулукту үгүттөгөн теле-компьютердик программалардын ишенчээк жаш балдардын психикасына бүлүндүрүп-бузуучу таасирин тийгизерин аныктаган. Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин алдындагы Эл аралык стратегиялык изилдөө институту 2008-жылы «Мектептердеги зомбулук маселеси» аттуу социологиялык изилдөө жүргүзгөн. «Изилдөө учурунда өспүрүмдөрдүн агрессивдүү болушу жана зордук зомбулукка барышы маалымат каражаттарынын, телекөрсөтүүнүн жана компьютердик оюндардын терс таасиринен улам болуп жаткандыгы айкын болгон» («Кутбилим», 18.05.08). Кызыкдар адам суроо салганда, бир окуучу өспүрүм «компьютердик клубдар эң сонун, себеби ал жакта киши өлтүрүп ойнойсуң» деп жооп бергендигин «Кутбилим» газетасы жазып чыкты. Ал эми Бишкекте бир белги-

лүү бизнесменди жубайы менен кошо о дүйнөгө жөнөтүшкөн өспүрүмдөр мылтыктын үнүн чыгарбастан туруп, кишини атып өлтүрүү ыкмасын боевик фильмдерден үйрөнүшкөндүгүн тергөө учурунда моюнга алып отурушат («Дело №», №33 2005). Бир катар өспүрүмдөр чет өлкөлүк боевик фильмдердин сууга салса чөкпөгөн, отко салса күйбөгөн каармандарына же болбосо кримавторитет Батукаевдей болгулары келет.

Соңку убактарда Россияда жана Кыргызстанда пайда болгон «Көк кит», «Сен оюндасың», «Өлүм тобу» деп аталган компьютердик коркунучтуу оюндар балдарды суицидге түртүп жаткандыгы, бул виртуалдык оюндардан улам Россияда да, биздин өлкөдө да өспүрүмдөрдүн өз жанын өзү кыюу фактылары коомчулукту дүрбөлөңгө салып отурат.

Эскерте кетели, интернеттеги социалдык тармактардын көзөмөлсүздүгү, алардын ар кандай багыттагы маалыматтарды таратуудагы абсолюттук эркиндиги жеке адамдын өмүрүн гана эмес, бүтүндөй өлкөнүн башын жутуп коюушу мүмкүн. Береги Украинанын, Ливиянын, Сириянын кыйрашында бир жагынан дал ушул социалдык тармактардын таркаткан деструктивдик идеяларынын, үгүттөрүнүн, чакырыктарынын үлүшү бар экендиги тууралуу саясат таануучулар жазып жатышат. Сирия, Украина сценарийинин кайталанбашы үчүн алдын ала кам көрүп, казак кызыкчылыгынын сакчылыгында бекем турган Нурсултан Назарбаев казакстанда интернетке чектөө киргизип, социалдык тармактардагы ар кандай деструктивдик сайттардын, фейсбуктардын жолун бууп салды. Биздин республикада болсо, «демократия» деген ураандын астында жээги жок ээнбаш эркиндик өз билгенин жасоодо. Буга байланыштуу кайсы бир чет өлкөлүк жазуучунун «сокур сокурду жетелеп баратат. А бул демократия деп аталат» деген сөзү аргасыздан эске түшөт.

Маалыматтык технология жаатындагы биздеги башаламандык, айрыкча жаш муундардын тарбиясы жагындагы көзөмөлсүздүк чоң кейишти жаратат. Базарлардагы, элдүү пункттардагы компьютердик дисктер дүкөндөрүндө өспүрүмдөргө байма-бай сатылып жаткан түркүн жанрдагы кинопродукциялар булар: мисалы, «Антология ужасов», «Наемные киллеры», «Каннибалы», «Зомби мертвецы», «Людоеды», «Кровожадные вампиры», «Серийные маньяки», «Кошмары», «Чудовишный страх», «Ужасный хит», «Жестокие дети», «Резня без разбора», «Дети убийцы», «Девушки вампири», «Тюремные боевики», «Кровавые ужасы», «Дьявольские ужасы» деген сыяктуу сансыз кинодисктер кантип балдардын психикасын бузбайт. (Ар бир дискте 10-15 тен фильм бар). Мындай фильмдерди чоң кишилерге да ыраа көрбөйсүң. Бул фильмдерде мораль деген жок. Мындай тасмалар жаш балдарга адеп-ахлак багытсыздыгын тартуулайт жана өспүрүмдөрдө агрессивдүү инстинктерди гана ойготот. Ал эми өспүрүмдөргө тартууланып жаткан парнографиялык, эротикалык, сексуалдык фильмдерди эске алганда, биз кайсы өлкөдө жашап жатабыз, бул өлкөдө муундардын тарбиясын көзөмөлгө алып, баш көз болгон, урпактардын келечегин, рухий-психикалык саламатчылыгын ойлогон кожоюндар барбы деген ойго кетпей койбойсуң. Ушундай «маданий вирустарды» таратууга бөгөт койгон бизде мыйзамдар жокпу? Болсо ал эмне үчүн иштебейт? Же көзөмөлдөөчү кызматтар ушул фильмдерди таратуучулардын акырынан жем жеп унчугушпайбы?

Эл жазуучусу Бексултан Жакиевдин сөзүн эске түшүрүүгө туура келет: *«Мен эки жолу Америкага бардым. Бир жолкусунда бир ай жүрдүм. Ал жерде алар өздөрүнүн идеологиясына ылайыктап бала-чакасына, үй-жайына, тарбия берүүгө абдан ылайыктап телепрограммаларды түзүшөт экен. Маселен, биздин теледе берилип жүргөн бири-бирин*

*талкалап, мушташып, уят-сыйыт жок, төшөк-мөшөктөн берки, мууздоолор тартылган фильмдер америкалыктардын үйлөрүндө көрсөтүлбөйт. Ал сыяктуу фильмдерди биз сыяктуу байкуш өлкөлөргө мыкты фильмдерине кошуп сатат. Элдин кулк-мүнөзүн ирите турган программаларды биздеги телекөрсөтүүлөрдөн тазалабаса, жаштарыбыз тургай карыларыбыз деле тетири жакка оой берет».* («Эркин-Тоо» 18.01.08.). Б. Жакиевдин бул ойлорунан улам Мухтар Шакановдун «биз Батыштын цивилизациясына эмес, канализациясына туташып алдык» деген ачуу сөзүн эске түшүрүүгө туура келет.

Башка өлкөлөр өз мамлекетинин ичинде өз идеологиясын чечкиндүү жүргүзүп, өз территориясында өз укугун бекем орнотуп, балдарынын биздегидей «башы жок бака, көзү жок көгөн» болуп, ар кимдин таасирине «мурунтуктатып», туш келди баспай, өз улутунун дөөлөттөрүнүн нугунда атуул болуп калыптанышына камкордук көрүп, өз мекенинин кызыкчылыгынын сакчылыгында бекем турушат. Маселен, Армения улуттун ичин буза турган чет өлкөлүк чоочун диндик уюмдардын иш-аракетине тыюу салып койгон. 20-кылымдын 90-жылдарында түркүн диндик уюмдар, секталар жайнап кеткенде, Армения өкмөтү аларга 24 сааттын ичинде өлкөнүн территориясын таштап чыгып кетүүнү буюрган.

Ушул жерден дагы бир сөзгө жол берели. Бүгүн биз дүйнөдө мурдагы «кансыз согуш» акырындык менен «маалымат согушу» менен алмашкандыгын, дүйнөлүк супер державалардын кубатына таянган эл аралык күчтөр жаңы электрондук маалымат куралдарынын жардамы менен жер үстүндө монополярдуу дүйнөнү түзүүгө умтулуп жаткандыгын, Кыргызстан да мындай геосаясий, глобалисттик умтулуштардын объектисине айлангандыгын көңүл борборуна тутууга тийишпис. Ошондой глобалисттик, супердержавалык кызыкчыларды жүзөгө ашырып жаткан бир эл аралык корпорациянын жашыруун идеологиялык документинен бир эле үзүндүнү эске сала кетели.

«С помощью информационного оружия нового поколения создание атмосферы бездуховности и безнравственности, негативного отношения к культурному наследию, провоцирование социальных, политических и религиозных столкновений, подрыв международного авторитета государства» («Педагогика» - журналы - Москва, 2011, №2, 16-бет).

Койнунда котур ташы бар эл аралык геосаясий күчтөр, демократияга жамынган ар кандай диндик миссионерлер мекенибизге эч тоскоолдуксуз кирип, карызга баткан жакыр өлкөнүн алсыздыгынан пайдаланып, каршылыкка учурабай, көзөмөлсүз ээн-эркин өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзүүдө. Азыр Кыргызстанда статистикалык маалыматтарга караганда, каттоодон өткөн, чет өлкөдөн каржыланган 7 миң 630 бейөкмөт уюмдар жана 360 ар кандай диндик уюмдар, секталар иштеп жатат. Караңыздарчы, кайсы бир журналист жазгандай, Кыргызстандын куралдуу күчтөрүндө да мынчалык сандагы адам жок. Албетте, бул уюмдардын бардыгы тең Кыргызстанга алдыртан ор казып жатат деп айта албайбыз. Арасында таза ниет менен иштеп жаткандар да бар. Бирок – «гуманитардык жардам», «адам укугу», «эркиндик» деген ураанды бетке кармап, кооз чапан кийип, акчасын чыгарып коюп, өтө кылдат, аяр методика менен астыртан улутубуздун тамырын кемирип жаткан, келечегибизге амалкөй чыргасын жайып жаткан уюмдар да арбын. Жогорудагыдай психиканы бүлүндүрүүчү, инстинктерди козгоочу жети укмуштуу фильмдерди, сексуалдык тасмаларды, массалык маданияттын «вирустарын» таратууну көмүскөдө туруп алып уюштуруп жаткандар, маселен, эркектин эркекке үйлөнүшүн, жашы жете элек кыздардын сексуалдык кат-

нашка укуктуулугун мыйзамдаштырган документтерди кабыл алдырууга жандалбастагандар, жаштарды чоочун диндерге, экстремисттик, террористтик уюмдарга тартып жаткан дал ушул чет өлкөлүк күчтөр. Чет өлкөлүк долбоор аркылуу жаш өспүрүм кыздарды жыныстык катнашка үндөгөн китептердин жүздөп, миңдеп 2013-жылы мектептерге таратылган фактысы Жогорку Кеңешке чейин жетип, чыр болбоду беле.

Баса, айта кете турган нерсе, кыргыздын улуттук өзөгүн талкалоонун тымызын программасын жүзөгө ашырууну кыргыздардын өздөрүнүн колу менен жасоо искусствосун чет өлкөлүктөр жакшы өздөштүрүшкөн. Бүгүн чет өлкөлүктөдүн долбоорлорунун жетекчилери жана аткаруучулары, жер-жерлердеги баптисттик уюмдардын, чоочун диндик секталардын башчылары, кыргыз менталитетине каршы келген мыйзамдарды жазып, жактырууга сунуш кылгандар, «ужас» фильмдерди сатып, жайылтып жаткандар кыргыздардын өздөрү. Бул чындык. Бишкектеги баптистик уюмдун «Библиянын» жоболорун, христиан дининин догматтарын кыргызча ырга айландырып (кыргыз акын сөрөйлөрдүн жардамы менен), кыргыз бөбөктөргө арнап, миңдеген нуска менен чыгарып жаткан «Жеткинчек» аттуу кыргызча журналын кыргыз үй-бүлөлөрүнө таратып чуркап жүрүшкөндөр да кыргыз улан-кыздары. Өзүнүн улуттук бир боор кыртышына жаттардын берген уусун чачып, чет өлкөлүк сценарийлердин «тактекеси» болуп, ата-бабасы илгертен ичип келген өзүнүн тунук булагын ылайлап отурган кыргыз «көзкамандарга», өз энесин жаа менен атып жаткан Жоломандарга (Чынгыз Айтматов), өз бешигин балталап бүлүндүрүп жаткан Орозкулдарга («Ак кеме» фильми) не дейбиз. Буларга кылчу аргабыз кайсы? Ушуга удаа, мобуну да баса айткыбыз келет.

Тарыхта адамды физикалык-биологиялык жактан кыйноо аркылуу гана эмес, ал таянып турган тарыхый-этникалык фундаментти, улуттук кыртышты жок кылуу, талкалоо аркылуу да маңкуртка айландырышкан. Байыркы бир заманда кара калмак деген жоо кыргызды чаап, эмгектеп жүргөн, жаңы баскан эркек балдарды олжолоп туткунга алат да, өз жерине алып барып, жүз бөбөктү социалдык мамилелерден жана байланыштардан оолактатып, эч кимге көрсөтпөй, обочодо көмүскө багып, жалаң согуштук өнөргө таптап машыктырат. Кыргыздын жүз кулунчагы өздөрүнүн кыргыз экенин билбей, ата-тегинен эл-жеринен, эне тилинен, таптакыр кабарсыз, согушкандан башканы билбеген жоокер-башкесерлер болуп тарбияланышат. Калмактын төрөсү маңкуртка айландырылган, уруш өнөрүнө үйрөтүлгөн ошол жүз кыргыз жигитти бир жылы кыргыз элине каршы согушка салып, ак калпак калкты өз тукумдарынын колдору менен кыргынга учуратат. Бул шумдуктуу окуя Үмөт молдонун «Жүз жигит» аттуу комуз-күүсүндө кайгылуу баян болуп чертилип калган. Мындан улам үшкүрүү менен айтарыбыз, ниети кара күчтөр улуттун руханий түп тамырларын келемишче кемирип, өздөрүнүн жогорудагы бейрухий, бейадептик, маңкурттук атмосфераны түзүү жөнүндөгү тымызын мүдөөлөрүн, бүлүндүрүүчү ишмердигин жүзөгө ашырууда. Тагыраак айтканда, кыргыздын муундарын маңкуртташтыруу, «көзкамандаштыруу», «жүзжигиттештирүү» миссиясын активдүү орундатышууда. Мына ушундай «достордун» ишмердиги кыргыз кыртышына сепкен «уруктун» көп күттүрбөй өнүп чыгып, түшүм берип жаткандыгын биз өз көзүбүз менен көрүп отурабыз. Бир-эки элестүү мисал тарталы: 90-жылдардын экинчи жарымында Бишкектеги «Россия» кинотеатрында Христиан динине өткөн кыргыз жаштарынын өздөрүнүн чогулушунда керексиз мурас катары «Манас» эпосун өрттөшкөндүгүн эске түшүрөлү. 2006-жылы апрель айындагы кыргыз телеберүүсүнөн тартууланган бир

көрсөтүүдө 5-6 кыргыз улутундагы өспүрүмгө «эгер кайра төрөлүп калсаң, ким болоор элең?» деген суроо берилгендиги, берилген ушул суроолорго окуучулардын биринин артынан бири *француз болгум келет, орус болууну каалайм, немис болгум келет, англичан болгум келет* деп жооп беришкендиги коомчулуктун көз алдында турат. Бул балдар бир гана кыргыз болууну каалабайт. 2016-жылы кыргыз тилин жек көргөн, орус тили керемет, кыргызча сүйлөө иттин үргөнүндөй деген кыргыз кыздын жоругу басма сөздөрдө дүңгүрөдү го. Трагедия жана комедия эмнеде? Трагедия жана комедия дал ушундай муундарды тарыхый тамырынан ажыратуу процессине жанагинтип кыргыздын өзүнүн активдүү катышып жаткандыгында.

Жогорудагы улуу «Манас» эпосун өрттөгөн кыргыздар, кыргыз болгусу келбей немис, орус, англичанин болгусу келген өспүрүмдөр, өз эне тилин жериген кыз, жанагы баптисттердин журналын таратып жаткан тукумдарыбыз бүгүнкү «жүз жигит» эмей эмне. Бекеринен төмөнкү сыяктуу акындык саптар газета-журналдарга жарыяланып жаткан жок: *«Мальборо» экен калпагыңдын урааны, кытай тамга – көйнөгүңдүн далысы! Көөдөнүңдө христиандар символу, ары жок, эй, кайда кыргыз намысы!»*.

Бир сөз менен айтканда, ушул бүгүнкү «жүз жигит» ушу бойдон жүрүп отуруп, миң жигитке, он миңге, жүз миңге, миллионго өсүп чыкса, анда бул кыргыз улутунун чет өлкөлүк меймандарынын жардамы менен жана да өз эрки менен, өз колу менен өзүн өзү жок кылуусу (самоубийство) болмок.

Күнү-түнү чөнтөк телефонун, компьютерди, телевизорду, интернетти тиктеген акылы токтоло элек муундар ар түркүн жана карама-каршылыктуу маалыматтарды ала берип, баштары маң болуп, арам-адалды, жаман-жакшыны ажырата албаган дейдинин абалына тушугуп жатат. Биздин көз алдыбызда «телефон маңкурттары» калыптанууда. Буга кошумча мен бул жерде философия илимдеринин кандидаты, өлкө, коом, мамлекет келечеги, тагдыры боюнча адис, футуролог Базарбай Темишевдин 2013-жылдын 13-декабрында «Жаңы Ордо» газетасына *«өлкөдөгү анархизмдин» кесепетинен бизде: алкоголиктер саны 100 миңден, баңгилер саны 20 миңден, сойкулар саны 30 миңден, ажырашуу жылына 7 миңден, кароосуз балдар 50 миңден, адам сатуу жылына 4 миңден ашты, адеп-ахлак кетип, эртелеп, кээде партада төрөгөн өспүрүм кыздар жылына 2 миңге жетип, мектеп рекеттерине 500дөн иш козголуп, ата-энесин өлтүргөн, тууган баласын саткан айбанчылык, ташбоордук, жырткычтык күчөп, ал тургай өлгөн адамдардын органдарын жиликтеп, бочкаларга салып Германияга самолеттоп саткан Кыргыз Медакадемиясы да колго түштү»,* - деп жазганын да келтире кетким келет. Ушундай чөйрөдө өсүп жаткан балдар кандайча позитивдүү тарбия алат?

Кыскасын айтканда, өспүрүмдөрдүн, жаштардын тарбиясына байланыштуу келтирилген жогорудагы фактылар Кыргызстанда муундардын таалим-тарбиясы стратегиялык жана патриоттук-идеологиялык маселе катары көңүл борборуна коюлуп, мамлекеттик деңгээлде документтештирилип, өлкө масштабында системалуу түрдө жолго салынбагандыктан улам өлкөдө келип чыккан ваакумду массалык маданияттын арзан стандарттары жана баш-көзсүз стихиялуулук ээлеп, түркүн күчтөр тарбия «арабабызды» Крыловдун тамсилиндегидей бири туурага тартса, бири өйдөгө тартып, бири төмөнгө тартып, урпактарыбыздын социалдашуусу ыраатсыз, башаламан процесске айлангандыгын күбөлөйт. Мындай процессти оодуктоого мамлекет бардык институттары жана органдары менен өзү киришпесе, жалгыз Билим берүү министрлигинин алы буга жетпейт. Аталган министрликтин кабыл алган концепциясы жетишсиз. Бүгүн кыргыз жаш-

тарынын бири Хизбут-Тахир болсо, экинчиси христианин, үчүнчүсү буддист, төртүнчүсү баптист, дагы бири иоговдук сектанын мүчөсү, дагы бири кайыпчы, дагы бири диндик экстремисттик-террордук уюмду идеал көрөт. Биз элдин биримдиги деп көп ураан көтөрөбүз. Бирок иш жүзүндө жарандарыбыз, жаштарыбыз ар түркүн диндик багыттарды, агымдарды тутунуп, бири-бирине чоочун диндик ишенимдер боюнча ич-ара топторго ажырап, калкыбыздын ички биримдигине шек кетип жатпайбы. Бул жөнүндө ойлонобузбу? Абалдын кейиштүүлүгүн дагы да ачык түшүнүү үчүн, маселен, кыргыз интеллигенция өкүлдөрүнүн Ак үйдүн жетекчилерине тынчсызданып жазган катынан үзүндү келтире кетсек, артыкбаш болбойт: *«... шариятта ушундай, Куранда ушинтип жазылган, Мухаммед ушинтип айткан!» деп буйруктуу, бийликтүү үндөрү-сөздөрү менен кыргыздын байыркы тарыхын, тилин, Манасын, каада-салтын, үрп-адатын улуттук маданиятын жок кылууга, талкалоого аракет кылып: «... адам өлгөн жерде кошок кошпогула, үн чыгарып өкүрбөгүлө, мал сойбогула, жетилигин, кыркылыгын, жылдыгын, ашын өткөрбөгүлө!... мазарларга барбагыла, арбактардан жардам күтпөгүлө!... Бул исламда жок!...» деп Ыйык Куранга жана Мухамеддин осуяттарына таянып, ислам динин пайдалануу аркылуу диверсиялык иштерди жүргүзүп, араб элинин улуттук өзгөчөлүгүн, ички маданиятын, каада-салтын, кийген улуттук кийимдерин кыргыз элине таңуулоо, өкүм зордук менен күчтөп киргизүү процесси күчөп, акыркы чегине, апогейине жетти...»* («Кутбилим» газетасы, 5.03.2014.).

Кеч болуп кала электе таалим-тарбия ишиндеги мындай башаламан кризистүү жана опурталдуу абалдан чечкиндүү түрдө суурулуп чыгууга, өзүбүздүн мамлекеттик тарбия стратегиясын иштеп чыгып, муундарды социалдаштыруунун кызматына чегүү боюнча өлкө деңгээлинде оперативдүү иш-чараларды кабыл алууга мезгил жетти. Президент А.Атамбаевдин 2017-жылды «Ыйман, адеп жана маданият» жылы деп жарыялашы үмүт чырагын жандырат.

Тарбия ишине байланышкан көйгөйлүү абалдан чыгуунун жолдору экинчи макалада сунушталмакчы.

**Адабияттар:**


1. Романов Б., Исаев К., Сыргабаев С. Кыргызстан жаштарынын бейнеси, Бишкек 2012, 47-б.
2. Педагогика – Москва, 2010, № 2, 16-б
3. Социальная философия – Москва, 2008, 210-215 – беттер
4. Подласый И.П. Педагогика – Москва, 2014, 105-б
5. Гусейнов Ч., Этика – Москва 2015 – ж. 200-220-беттер